МИЛДЕТ. НАМЫС. АТА-МЕКЕН! ДОЛГ. ЧЕСТЬ. ОТЕЧЕСТВО!

# ЫЙЫК МИЛДЕТ
# Священный долг

№ 11 (474)
2023-жыл,
30-ноябрь

КР КК жөнүндө көбүрөөк жаңылыктар / Больше новостей о деятельности ВС КР на: www: mil.gov.kg

ВСТРЕЧА МИНИСТРОВ ОБОРОНЫ Г/У ОДКБ
>стр.2



ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ОТУРУМ ЖАНА 2024-ЖЫЛГА ТАПШЫРМАЛАР
> 4-бет



АРМЕЙСКАЯ СОВРЕМЕННАЯ НАУКА
> стр. 6-7




## Коргоо министри эл арасында

Кыргыз Республикасынын Коргоо министри генерал-лейтенант Бактыбек Бекболотов эл арасына чыгып, алгач иш сапарын Ысык-Көл облусунан баштады. Мындай жолугушууларды Коргоо министри Нарын облусунда, Чүй аймагы үчүн Бишкек шаарында Аскер институтунун чоң залында жолугушууларды өткөрдү.

Жолугушуулар аймактардагы ардагерлер менен мамлекеттик коопсуздук маселелеринин жана Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн өнүктүрүү боюнча өлкөбүздүн жетекчилигинин, анын ичинде Коргоо министрлигини тарабынан аткарылып жаткан иш-чаралар тууралуу маалымат берди.

Андан соң аскер кызматчыларынын кызматын социалдык жакшыртуу, турак-жай менен камсыз кылуу, пенсияларды жогорулатуу, мамлекеттик кызмат Күчтөрдүн ардагерлерине турак-жай шарттары, пенсиялык жеңилдиктер жана артыкчылыктар менен байланышкан бардык аспектилерди тыкыр көзөмөлдөп, аныкталган көйгөйлөрдү чечүүгө тийиштүү көңүл бурарын ишендирди.

Мындан тышкары, министр аскер комиссариаттарынын абалы жана алдыдагы кыш мез-



Б. Бекболотов Нарын, Ысык-Көл облустарынын жана Бишкек шаарынын ардагерлери, коомдук уюмдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин Нарын гарнизонунда, Ысык-Көл облусунун аймагында жайгашкан аскердик бөлүктөрдүн жана мекемелердин жетекчилиги жана өздүк курамы менен жолугушууларды жана сүйлөшүүлөрдү өткөрдү.

Жыйындарды ачып жатып, Б. Бекболотов катышуучуларга дүйнөдөгү аскердик-саясий кырдаал тууралуу, мамлекеттин аскердик коопсуздугун камсыз кылуу боюнча көрсөтүүлөргө жеңилдиктер жана согуш аракеттерине катышкан ардагерледин социалдык пакетин жогорулатуу маселелери талкууланды.

Ардагерлерди жана аскер кызматчыларынын үй-бүлө мүчөлөрүнө санитардык-курорттук дарылоону уюштуруу маселеси катышуучуларды өзгөчө кызыктырды.

Жылды жыйынтыктоочу жыйын алдында уюштурулган бул жолугушууларда генерал-лейтенант Б. Бекболотов мындан ары согуш жана Куралдуу гилине даярдыгын да бир сыйра текшерүүдөн өткөрдү.

Коргоо министри 2023-жылдын жыйынтыгын чыгарган оперативдик жыйынды өткөрүп





алган соң түштүк аймакта жайгашкан аскердик бөлүктөргө 27-ноябрь күнү иш-саапарга чыгып кетип, учурда Түштүк-Батыш оперативдик командачылыгынын карамагындагы аскер бөлүктөрдүн, мекемелердин, аскер комиссариаттардын ишмердүүлүгүн, алдыдагы кыш мезгилине даярдыгын да кароодон өткөрүп, эл менен жолугушууларын улантууда.

## Главком в войсках, у солдат

Президент Кыргызской Республики - Главнокомандующий Вооруженными Силами Садыр Жапаров 26 ноября посетил войсковую часть в селе Кой-Таш, его сопровождал министр обороны КР генерал-лейтенант Бактыбек Бекболотов.

Глава государства ознакомился с материально-технической базой воинской части, в том числе условиями быта военнослужащих.

Садыр Жапаров во время посещения воинской части особое внимание уделил организации питания военнослужащих, в частности, убедился в том, что рацион военных соответствует всем необходимым нормам.

Там же главком Вооруженных Сил КР продегустировал солдатскую еду.






## Аскер юристтери жыйында



2023-жылдын 2-октябрынан баштап усулдук даярдыкты жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Кужүрмөн даярдык борборунун базасында командирлердин укуктук иштер боюнча жардамчылары менен окуу-методикалык жыйын өттү.

Жыйындын жүрүшүндө катышуучуларга юридика темасы боюнча заманбап сабактар, анын ичинде, аскердик кылмыштар боюнча соттук практика; аскер кызматчыларына кызматтык турак жайларды берүүнүн тартиби; куралдуу (куралсыз) конфликттерде командирдин укуктук иш боюнча жардамчысынын (юристтин) ролу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Аскердик доктринасынын негизги жоболору жеткирилди.

# Министры обороны государств-участников ОДКБ в городе Минск

22 ноября 2023 года Министр обороны Кыргызской Республики генерал-лейтенант Б.А. Бекболотов принял участие в совместном заседании Совета министров иностранных дел, Совета министров обороны и Комитета секретарей советов безопасности Организации Договора о коллективной безопасности, которое состоялось в городе Минск, Республики Беларусь.

ОДКБ совместно с оборонными ведомствами, в том числе касающиеся совершенствования составов воинских контингентов и формирований сил специального назначения Коллективных сил оперативного реагирования ОДКБ (КСОР ОДКБ), миротворческих контингентов государств – членов ОДКБ и национальных контингентов Коллективных сил быстрого развёртывания (КСБР) Центрально-Азиатского



В заседании также приняли участие руководители министерств иностранных дел, оборонных ведомств, секретари советов безопасности государств – членов ОДКБ, Генеральный секретарь ОДКБ Имангали Тасмагамбетов и начальник Объединенного штаба ОДКБ генерал-полковник Анатолий Сидоров.

В ходе совместного заседания руководители оборонных ведомств рассмотрели вопросы развития военной составляющей Организации, разработанные Объединенным штабом региона коллективной безопасности, а также Коллективных авиационных сил ОДКБ.

По итогам совместного заседания подписан ряд документов, нацеленных на дальнейшее укрепление сотрудничества в рамках Организации, согласованы кадровые и финансовые вопросы, а также были одобрены проекты документов, выносимые на рассмотрение очередной сессии Совета коллективной безопасности ОДКБ, которая намечена на 23 ноября т.г. в городе Минск.

# Кыргыз армиясынын радиациялык, химиялык жана биологиялык коргоо аскерлерине - 15 жыл!



2023-жылдын 14-ноябрында Кыргыз Республикасынын Коргоо министри генерал-лейтенант Бактыбек Бекболотов Куралдуу Күчтөрдүн радиациялык, химиялык жана биологиялык коргоо аскерлеринин өздүк курамын, Кыргыз Республикасынын күч түзүмдөрүнүн жана Саламаттыкты сактоо министрлигинин кызматкерлерин, ЕККУнун Бишкектеги кеңсесинин өкүлдөрүн кесиптик майрамы менен куттуктап, медалдар жана Коргоо министринин грамотасы менен сыйлады.



Жыл сайын 13-ноябрда Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө радиациялык, химиялык жана биологиялык коргоо аскерлеринин кесиптик майрамы белгиленип келет. Быйыл түзүлгөндүгүнүн 15 жылдык маарекеси болгондуктан коргоо ведомствосунун башчысы өзгөчө шаңда жана салтанатта кабыл алып, сыйлыктарды ыйгарууда кыргыз армиясынын радиациялык, химиялык жана биологиялык коргоо аскерлеринин өздүк курамын мындан ары да мыкты жетишкендиктерди жаратуусун каалап, министрликтин жетекчилиги тарабынан ар дайым колдоо көрсөтүлөрүн баса белгиледи.




# Спецназ и саперы двух братских стран прошли спецподготовку

В горно-учебном центре «Фориш» Национальной гвардии Республики Узбекистан завершились совместные тактико-специальные занятия и тренинги с подразделениями специального назначения, и инженерно-саперными подразделениями Национальной гвардии Вооруженных Сил Кыргызской Республики и Национальной гвардии Республики Узбекистан.

В церемонии закрытия приняли участие Командующий Национальной гвардии Республики Узбекистан генерал-майор Рустам Джураев, Командующий







Национальной гвардией Вооруженных Сил Кыргызской Республики гвардий полковник Талантбек Эргешов, военнослужащие и непосредственные участники занятий и тренингов.

В завершении мероприятия наиболее отличившиеся участники были награждены грамотами и медалями, а также для делегации Национальной гвардии Вооруженных Сил Кыргызской Республики была организована ознакомительная экскурсия по жизнедеятельности Национальной гвардии Республики Узбекистан.

Напомним, что совместные тактико-специальные занятия и тренинги «Достук-2023» прошли с 23 октября по 4 ноября 2023 года на базе учебно-тренировочного центра «Фориш» Национальной гвардии Узбекистана.

В течение недели кыргызстанские военнослужащие с узбекскими коллегами отрабатывали вопросы подготовки подразделений специального назначения, тактико-специальной, огневой, горной подготовки и подготовки по связи. Кроме этого, для инженерно-саперных подразделений были организованы занятия по специальной подготовке.

МИЛДЕТ. НАМЫС. АТА-МЕКЕН! ДОЛГ. ЧЕСТЬ. ОТЕЧЕСТВО!
ЫЙЫК МИЛДЕТ Священный долг

Гезит Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигинен каттоодон өткөн.
Катталуу күбөлүгү
№ 5125-3301-000

Редактор:
**Усен Полотов**
Редакциянын дареги:
**MildetKG@gmail.com**
Кыргыз Республикасы,
Бишкек шаары, 720001,
Логвиненко көчөсү, 26
Тел.: (0312) 62-06-29

Жетектөөчү адис
Темир Токталиев

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.

Жарыяланган макалалар, каттар редакциянын көз карашын билдирбейт. Келтирилген фактылардын, цитаталардын, экономикалык-статистикалык жана башка маалыматтардын, ошондой эле ачык жарыялоого уруксат берилбеген маалыматтардын жарыялангандыгы үчүн автор өзү жооптуу. Сүрөттөр менен кол жазмалар кайтарылып берилбейт.

Индекс: 68464
Буйрутма № 1754
Нускасы: 3752

**«ЖМК колдоо борбору»** басмаканасында басылды.

**Гезит 1998-жылы 21-майда Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинде түзүлгөн**

# Жыйынтыктоочу отурум жана 2024-окуу жылга тапшырмалар

2023-жылдын 17-ноябрында 20636 аскер бөлүгүнүн базасында Кыргыз Республикасынын Коргоо министри генерал-лейтенант Бактыбек Бекболотовдун жетектөөсүндө КР Коргоо министрлигинин жылды жыйынтыктоочу жыйыны өттү.






Жыйындын ишине Коопсуздук кеңешинин катчысы генерал-лейтенант Марат Иманкулов катышты.

Бул жыйындын отурумунда 2023-окуу жылында Коргоо министрлигинин жалпы аскердик ишмердүүлүгүнүн, күжүрмөн жана мобилизациялык даярдыгынын жыйынтыгы чыгарылып, Коргоо министрлигинин башкаруу органдарынын тутумун оптималдаштыруу жана алардын алдындагы тапшырмалар, аскердик мыйзамдарды, эл аралык кызматташууну, аскерлерди даярдоо жана материалдык-техникалык жактан камсыздоону өркүндөтүү маселелери каралды, ошондой эле, 2024- жаңы окуу жылына тапшырмалар коюлду.

Коргоо водомствосунун башчысы генерал-лейтенант Б. Бекболотов белгилегендей, Куралдуу Күчтөрдүн алдына коюлган тапшырма - Кыргыз Республикасынын аскердик коопсуздугун камсыз кылуу боюнча коюлган тапшырмалар, жалпысынан алганда аткарылган.

Аскерлердин (күчтөрдүн), башкаруу органдардын тапшырмаларын жана түзүмдөрүн өркүндөтүү, өлкөнүн аскердик коопсуздугун мындан ары камсыздоо үчүн 2024- окуу жылына негизги иш-чаралардын Планы бекитилди.

Жылды жыйынтыктоонун жүрүшүндө жооптуу кызмат орунду ээлешкен жетекчилердин, КР Коргоо министрилигин башкаруу органдарынын башчыларынын аскерлерди (күчтөрдү) күжүрмөн жана мобилизациялык даярдоо боюнча баяндамалары угулду.



Жылды жыйынтыктоочу жыйындын катышуучуларына кайрылып жатып, Кыргыз Республикасынын Коргоо министри генерал-лейтенант Бактыбек Бекболотов: - "...мамлекетибиздин жетекчилигинин жана Коргоо министрлигинин жетекчилигинин пландуу жана туруктуу саясатынын тыянагында биздин Куралдуу Күчтөрүбүз замандын чакырыктарына, сыноолоруна жана болжолдуу коркунучтарына туруктуу каршы тура алган маанилүү мамлекеттик инструментке айлануу менен өлкөбүздүн аскердик коопсуздугун ишенимдүү камсыздоочу күч боло алды, башкача айтканда, армиябыз биздин турмушубуздун обьектидүү реалдуулугуна айланды, кадыр-баркы, аброю өлкө ичинде да, дүйнөлүк коомчуулукта да өсүүдө...",- деп баса белгиледи.

2023-окуу жылы ичиндеги Куралдуу Күчтөрдүн ишмердүүлүгүн жыйынтыктап жатып, Коргоо министри жыйындын катышуучуларынын көңүлүн "...өтүп бара жаткан окуу жылынын жыйынтыгы, айрыкча биздин кызматыбыздагы кемчиликтер жана мүчүлүштүктөр, бизге бардык мүмкүн болгон практикалык чараларды көрүү зарылдыгын таасын түшүндүрөт, ошондой эле өлкөбүздүн аскердик коопсуздугун өркүндөтүүнү жана алдыда турган жакын жана перспективалуу тапшырмаларды аткаруу боюнча максималдуу аракеттерди жумшоону талап кылууда",- деди.

Жылды жыйынтыктоо өзгөчөлөнгөн аскер кызматчыларды сыйлоо жана мыкты башкаруу органына, жошондой эле мыкты аскердик бөлүккө, кошуунга жана мекемеге өтмө вымпелдерди ыйгаруу менен аяктады.













# Түштүк-Батыш оперативдүү командачылыгындагы жылды жыйынтыктаган жыйындан сүрөт баян





2023-жылдын 24-ноябрында Ош гарнизондук офицерлер үйүндө Түштүк-Батыш оперативдүү командачылыгынын күжүрмөн даярдык, аскердик кызмат, аскердик тартип боюнча 2023-окуу жылындагы ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы чыгарылды.

Жыйын Кыргыз Республикасынын Коргоо министринин орун басары - Түштү-Батыш оперативдүү командачылыгынын колбашчысы полковник Алмазбек Карасартов жеткечилиги астында өткөрүлүп, жыйынга колбашчынын орун басарлары, бөлүм башчылары, ошондой эле Түштү-Батыш оперативдүү командачылыгынын карамагындагы аскер бөлүктөрдүн командирлери алардын, орун басарлары катышты.

Жыйындын жүрүшүндө Түштүк-Батыш оперативдүү командачылыгынын колбашчысынын орун басарлары аткарылган тапшырмалар боюнча баяндама жасашты.

Аскердик тартип, күжүрмөн даярдык, аскердик техникаларды күзгү-кышкы мезгилге өткөрүү иш-чараларынын аткарылгандыгы боюнча баа берилип, Коргоо министринин орун басары полковник Алмазбек Карасартов тарабынан кемчиликтерди жоюу тапшырмасы жеткирилди. Соңунда 2024-окуу жылына карата бир катар тапшырмалар коюлду.

Үлгүлүү аскердик кызматкерлер жогорку командачылык тарабынан медаль, грамоталар менен сыйланып, аскердик наамдар ыйгарылды.

2023-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча 52870 аскердик бөлүгү эң мыкты аскердик бөлүкдеп белгиленип, Түштү-Батыш оперативдүү командачылыгынын колбашчысынын өтмө ВЫМПЕЛИ менен сыйланды.













# Ош гарнизонунда жыл тыянакталды



2023-жылдын 28-ноябрында Ош гарнизонунун башчысы полковник Алмазбек Карасартовдун жетекчилиги алдында Ош гарнизонунун кошуундарындагы, бөлүктөрүндөгү жана мекемелериндеги аскер кызматынын уюштурулушу, аскердик тартип жана укук тартиптеринин абалы тууралуу 2023-жылдын жыйынтыгы чыгарылды.

Жыйынтыктоочу иш-чарага Ош гарнизонунун аскер бөлүктөрүнүн жана мекемелеринин, КР УКМК Чек ара кызматынын, Абадан кол салуудан коргоо күчтөрүнүн, ИИМ Ички аскерлеринин командирлери катышты.





Гарнизондун командирлери окуу жылында аскер кызматынын уюштурулушу, аскердик жана укук тартиптеринин абалы тууралуу баяндамаларын беришти.

Мындан тышкары Ош гарнизонунун башчысынын 2024-жылга карата тапшырмалары коюлуп, гарнизондун мыкты аскер бөлүктөрүнө жана кызматында ийгилик жараткан аскер кызматчыларга Ардак грамоталар, медалдар тапшырылды.

# «Ыйык милдет» ведомстволук гезитине жекече жазылуу башталды

Кыргыз Республикасынын Коргоо министринин буйругуна ылайык, КР Куралдуу Күчтөрүнүн кошуундарынын, бөлүктөрүнүн жана мекемелеринин ишмердигин маалыматтык жактан камсыздоону уюштуруу, аскер кызматчыларынын жана кызматчыларынын кесиптик даярдыгын жакшыртуу максатында, КР Куралдуу Күчтөрүнүн Генштабынын башкы башкармалыктарынын, башкармалыктарынын жана өзүнчө бөлүмдөрүнүн башчыларына, аскер бөлүктөрүнүн командирлерине жана мекемелеринин башчыларына:

- 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн "Ыйык милдет" ведомстволук гезитине өздүк курамдын жекече жазылуусун жайгашкан жерине караштуу почта бөлүмдөрү аркылуу уюштуруу, жекече жазылуунун жыйынтыктары тууралуу 2023-жылдын 27-декабрына чейин Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин маалыматтык камсыздоо башкармалыгы аркылуу билдирүүсү айтылган.

Гезитке жазылуунун баасы - 6 айга 124 сом. Ведомстволук гезитти колдоп, аскердик бөлүккө жакын жердеги "Кыргызпочтасынын" бөлүмдөрүнүн адистеринен маалыматтык бюлеттенди (каталогду) алып, ошого ылайык жазылууну активдүү уюштурууга чакырабыз.

*РЕДАКЦИЯ*

# Улуттук гвардия жылды жыйынтктады



Үстүбүздөгү жылдын 24-ноябрында Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Улуттук гвардиясынын 2023-жылдагы күжүрмөн кызматтык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын чыгаруу жыйыны болуп өттү.

Иш-чарага Улуттук гвардиянын колбашчысы гвардиянын полковниги Талантбек Эргешов, колбашчынын орун басарлары, бөлүмдөрдүн, кызматтардын жетекчилери, аскер бөлүктөрүнүн командирлери жана алардын орун басарлары катышты. Алгач колбашчынын орун басарлары жыл аралыгында кызматтык ишмердүүлүгү боюнча өздөрүнүн тиешелүү багыттарына ылайык баяндама беришип, укуктук тартипти, мыйзамдуулукту жана аскердик тартипти чыңдоо боюнча аткарылган иш чаралардан тышкары, күжүрмөн даярдыктын, күжүрмөн кызматтын, караолдук жана ички кызматтын абалы тууралуу, уставдын талаптарына ылайык аскердик тартипти бекемдөөгө, аскер бөлүктөрдөгү кылмыштуулукту жана тартип бузууларга карата алдын алуу боюнча көрүлүп жаткан чаралар тууралуу кенен баяндама беришти.



Иш-чаранын соңунда 2023-жылдын жыйынтыгы менен аскер бөлүктөрдүн ортосунда орундар бөлүштүрүлүп, натыйжасында «Мыкты батальон» 10126 аскер бөлүгүнүн ардак караол батальону, командири гвардиянын майору Карасартов С.А., «Мыкты рота» 10126 аскер бөлүгүнүн 2-ардак караол ротасы, командири гвардиянын улук лейтенанты Насирдинов Н.К. жана «Мыкты взвод» 10128 аскер бөлүгүнүн материалдык-техникалык взводу, командири гвардиянын прапорщиги Байболот уулу Бакберген татыктуу болушуп, өтмө вымпелдер жана дипломдор менен сыйланышты.

# "Артиллерия - бог войны"



Первое упоминание об артиллерии берет свое начало еще со времен греко-римских войн до нашей эры, а первое упоминание об артиллерии, как о самостоятельном виде войск, приходится на XIV век новой эры.

Артиллерия - один из трех старейших родов войск наряду с «царицей полей» - пехотой и кавалерией, и является основной ударной силой сухопутных войск современных Вооруженных Сил.

В войсках ее еще называют «богом войны». Артиллерия имеет многообразную классификацию по своему боевому предназначению, типам систем вооружения и организационно-штатной структуре.

Понятие артиллерия включает пушки, гаубицы, минометы, безоткатные орудия, боевые машины, противотанковые управляемые снаряды и реактивную артиллерию; артиллерийские и стрелковые боеприпасы; средства передвижения артиллерии - колесные и гусеничные тягачи и другие; приборы управления огнем; средства разведки и обеспечения стрельбы; все виды стрелкового оружия, гранатометы.

Впервые, на одном из совещаний высшего командного состава Красной Армии, еще в 1940 году, тогдашний руководитель Советского государства И.В. Сталин назвал артиллерию богом войны. Именно с этого момента все стали называть артиллерию «богом войны».

Но это название также имеет историческую подоплеку. В момент появления артиллерии, еще древние греки называли стрельбу громом божьим. В силу своей малой образованности они не могли объяснить, почему так происходит и думали, что это наказывает бог, поражая их своими огненными стрелами.

Поскольку, периодичность нашей газеты - один раз в месяц, не будет лишним поздравить воинов-артиллеристов, ветеранов артиллерии с их профессиональным праздником, выразить слова искренней благодарности за их ратный труд во благо нашей Родины. Желаем новых успехов в боевой подготовке, личного счастья и мирного неба над головой, чтобы личный состав артподразделений показывал свое мастерство только во время учебных сборов и на учениях.

# «майор Кубанычбек Аманбаев: «Артиллерия армиянын тиреги»





***15 жылдан бери Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин сап катарында турган, чыныгы патриот, атуулдук ариети бийик, артиллериячылардын бычакка сап болчу жигиттеринин бири, гезитибиздин бул чыгарылышындагы каарманыбыз - майор Аманбаев Кубанычбек - 92840 аскер бөлүгүнүн дивизион командири.***

**- Кубаныч кайсыл жактын жигити болосуң? Өзүң жөнүндө айтып берсең?**

- Мен 1990-жылы 28-июнда Ош облусунун Алай районуна караштуу Гүлчө айылында төрөлгөнмүн. Биз үй-бүлөдө алты бир тууганбыз, төрт эжем анан бир иним бар. Атам Абдымомун 40 жыл суу чарбасында эмгектенип азыр ардактуу эс алууда, Апам Салийма соода иштери менен алектенчү, азыр апам да үйдө эле.

Менин аскер адамы болушума атамдын салымы чоң, эмнеге дегенде, ар дайым эрте тургузчу, үй иштерин көп аткарчумун. "Жигит деген күчтүү болуш керек" деп атам эрте тургузчу. Кийин кызматка барганда кыйналган жокмун. Азыркы учурда 92840 аскердик бөлүгүндө дивизиондун командири кызматындамын. Учурда бир уул бир кызды келинчегим Айганыш экөөбүз чоңойтуп жаткан учурубуз.

**- Кайсы окуу жайында окугансың?**

-2008-2009-жылдары Чек ара кызматында анык мөөнөттүү аскердик кызматымды өтөп, 2010-жылы Казахстан Республикасынын Алматы шаарындагы Кургактагы Аскер институтунун артиллерия факультетинде 2014-жылга чейин окудум.

**- Артиллериячы адистигин тандооңдун мааниси эмнеде?**

- Артиллериячы болуп калуумдун себеби, мен аскердик кызматымды аяктап, жогорку окуу жайга тапшыраарда кабыл алуучу комиссия текшерип, мектептеги сабактарда кандай окуганымды көрүп эле сен математиканы, физиканы жакшы окупсуң. Эми армияга барсаң, артиллерияга кызмат кыл деп айтып калышты. Ошентип артиллерия адистигине бөлүп коюшту, ал убакта көп деле маани бербептирмин, азыр артиллерия адистигин тандаганыма сыймыктанам. Эмнеге дегенде, азыр заман талабы, дүйнө жүзүндөгү болуп жаткан куралдуу кагылышуулар, согуштар жалаң ракета менен болуп калбадыбы. Ошондуктан «Артиллерия бул - согуш кудайы» деп коёт эмеспи, орусча айтканда «Артиллерия Бог войны» деп бекеринен айтылбаса керек. Азыр өкүнбөймүн, сыймыктанам. Мен үчүн «Артиллерия коргонуунун жана согушуунун күчү» деп эсептейм.

**- Артиллериянын артыкчылыгы барбы башка кесиптен?**

- Артиллериячы болуунун өзү артык башка кесиптен, анан да өтө кызыктуу, бул артиллерияны кызыгып окуган адам, башка адис болууну самабайт деп айта алам. Артиллерия башка кесиптерден өзгөчө жана улуу тарыхы бар кесип. Кесип тандоодо адам жаңылбаш керек, эгерде тура эмес кесипти тандап алсаң өмүр бою кыйналып өтөсүң же аны түшүнбөйсүң, же аны колдоно билбейсиң. Мени артиллериячы кылган ошол комиссияга азыр ыраазычылык билдирем. Анткени алар менин туура кесип тандоомо себепчи болушту. Артиллерияны түшүнүү - ал бир гана артиллериячынын колунан келет (бажырая күлүп коет).

**- Келечекте Кыргыз армиясында артиллерияны кандай элестетесиң?**

- Бир эле артиллерия эмес, өлкөбүздүн жалпы Куралдуу Күчтөрүн цифровизацияланган, электрондоштурулган армия деп элестетем. Мындан 100 жылдан кийинби, же ага чейинби, артиллериялык орудияларды роботтор башкарып, ал эми робототторду биз башкарып калабызбы деген ой мага чоң сыймык жаратат.

**- Кыргыз Армиясында артиллериянын орду?**

-Артиллерия жок – жеңиш болбойт, кыргыз армиясында артиллерия зор күчкө ээ. Муну биз эл аралык жана өзүбүздө болуп жаткан машыгууларда, окутууларда далилдеп келе жатабыз. Бизде, чынында артиллерияга курал-жарак, техника менен камсыздоолор эми жанданып баштады. Буюрса артиллерия заманбап техникалар менен камсыздалат деген үмүттөбүз. Азыркы учурда болуп жаткан камсыздоолор мени кубандырып турат. Артиллериясы күчтүү армиянын, мамлекеттик чек арасы бүтүн болот. Эч бир душман даай албайт.

- *Рахмат маегиңизге.*

**Маектешкен капитан Элиза Арапбаева, сүрөтчү улук лейтенант Жеңишбек Маннап уулу**



# ПРОТИВОДЕЙСТВИЯ БЕСПИЛОТНЫМ ЛЕТАТЕЛЬНЫМ АППАРАТАМ

### ОРГАНИЗАЦИЯ И ВЕДЕНИЯ БОРЬБЫ С БПЛА

Вооруженные конфликты последних лет (Сирия, Ливия, Нагорный Карабах и др.) продемонстрировали возрастание роли беспилотных летательных аппаратов (БПЛА) среди средств воздушного нападения. В боевых действиях на территории Нагорного Карабаха в сентябре-ноябре 2020 года беспилотные летательные аппараты фактически выполняли задачи оперативнотактической пилотируемой авиации. Относительно низкая стоимость производства, эксплуатации и обслуживания БЛА в сравнении с пилотируемой авиацией обусловили их массовое применение. Динамика изменения способов ведения боевых действий вызывает необходимость оперативной систематизации опыта современных вооруженных конфликтов и его внедрения в практическую деятельность подразделений своих войск.



Вместе с тем, как показал боевой опыт, в борьбе с БЛА важны не только современные комплексы ПВО, но и системная организация противодействия.

### СОСТАВ И СТРУКТУРА СИСТЕМЫ БОРЬБЫ С БПЛА

Для эффективного противодействия применению БПЛА противника необходимо создание системы борьбы с ними, фактически являющейся элементом системы борьбы с воздушным противником. Указанная система должна включать в себя подсистемы:

- разведки и оповещения;
- огневого поражения;
- радиоэлектронной борьбы;
- управления.

Подсистема разведки и оповещения должна обеспечивать своевременное вскрытие (обнаружение) полетов БПЛА противника во всем диапазоне высот в назначенных зонах (границах) ответственности. Подсистема огневого поражения должна обеспечивать гарантированное уничтожение (поражение) БПЛА в полете и наземных пунктов управления.

Подсистема РЭБ должна обеспечивать радиоэлектронное подавление навигационной аппаратуры потребителей (НАП), каналов управления БПЛА и передачи данных с БПЛА на НПУ. Своевременно передавать данные о вскрытых каналах управления БПЛА в подсистему разведки и оповещения.

Подсистема управления должна обеспечивать согласованное применение всех сил и средств борьбы с БПЛА, для чего необходимо обеспечить устойчивую непрерывную связь со всеми задействованными пунктами управления, своевременное и оперативное доведение до них команд (приказов) боевого управления.

Борьба со средними и тяжелыми БПЛА тактического уровня является типовой задачей для средств ПВО дивизии, бригады и ведется в общей системе противовоздушной обороны соединения, воинской части. При этом проблемой является борьба с мини- и микроБПЛА, а в перспективе и нано-БПЛА.

Опыт исследовательских учений и боевых действий в Сирийской Арабской Республике (САР), показал, что решением указанной проблемы является совместная борьба с мини- и микроБПЛА общевойсковых подразделений, ПВО, РЭБ и артиллерии.

Для борьбы с БПЛА в общевойсковых соединениях в настоящее время привлекаются силы и средства ПВО из состава зрп (зрдн, здн и зрбатр).

Для непосредственного прикрытия подразделений батальона от ведения разведки мини- и микроБПЛА и предотвращения применения ими боеприпасов, в звене взвод-рота-батальон, привлекаются:

для ведения разведки:
- в отделении (взводе) – наблюдатель;
- в роте (на КНП батальона) – пост воздушного наблюдения;
- для огневого поражения (дежурные огневые средства):
- в мотострелковом отделении – дежурный автоматчик (пулеметчик);
- в мотострелковом взводе – дежурный экипаж БМП;
- в мотострелковом батальоне – мотострелковый взвод, подготовленный для ведения огня по БПЛА.

Состав сил и средств, привлекаемых для борьбы с БПЛА в мотострелковом батальоне, в оборонительном бою с учетом параметров оборонительных позиций (ширина оборонительной позиции мотострелкового взвода по фронту – до 600 м, мотострелковой роты – до 2000 м) можно обеспечить высокую плотность дежурных огневых средств – одно огневое средство на 150–160 м, это позволит минимум трем дежурным огневым средствам вести сосредоточенный огонь в зоне своего действительного огня.

***Для непосредственного прикрытия*** наиболее важных войсковых объектов от ведения разведки и применения боеприпасов мини- и микро БПЛА (КП, дивизионная артиллерийская группа, склады РАВ и материального обеспечения и т.д.) в звене полк-бригада-дивизия, целесообразно формировать сводные тактические группы для борьбы с БПЛА за счет общевойсковых подразделений второго эшелона, общевойскового и противодесантного резервов.

В мотострелковом полку первого эшелона (бригаде), целесообразно создавать до шести сводных групп, а в танковом полку – одну-две сводные группы из расчета:

- в районах ответственности батальонов первого эшелона – по одной от каждого батальона первого эшелона;
- в районах огневых позиций артиллерии непосредственного подчинения;
- в полку (бригаде) – до двух от батальонов второго эшелона;
- в районе развертывания командного пункта – одна от общевойскового резерва;
- в районе развертывания подразделений технического и тылового обеспечения – одна от противодесантного резерва.

### СПОСОБЫ ВЕДЕНИЕ БОРЬБЫ С БПЛА

Основными способами борьбы с БПЛА являются:

а) по огневому поражению:

создание зон сплошного огневого поражения из штатного стрелкового оружия, в том числе, из крупнокалиберных пулеметов и автоматических пушек, ведением сосредоточенного, заградительного (сопроводительного) огня;
- поражение БПЛА огнём зенитных подразделений;
- поражение объектов системы управления и наведения БПЛА на земле огнём артиллерии;

б) по радиоэлектронному подавлению:
- радиоэлектронное подавление каналов передачи данных и управления прямой видимости комплексов с БПЛА;
- радиоэлектронное подавление аппаратуры потребителей космических радионавигационных систем.

### БОРЬБА С БПЛА В ЗВЕНЕ ВЗВОД-РОТА-БАТАЛЬОН

Необходимым условием эффективной борьбы с БПЛА является своевременное их обнаружение силами и средствами подсистемы разведки.

Для обнаружения БПЛА в звене рота-батальон развертываются посты воздушного наблюдения.

Пост воздушного наблюдения (ПВН) развертывается на позиции в местах, обеспечивающих обзор воздушного пространства во всех направлениях. Расположение ПВН должно быть удалено от источников посторонних шумов для ведения звукового обнаружения воздушных целей.

Состав ПВН целесообразно иметь следующим: старший поста, 1–2 наблюдателя. Личный состав поста согласно своих обязанностей должен ***(Рис.1.)***:




Рис. 1. Порядок (алгоритм) действий наблюдателя ПВН при обнаружении воздушной цели

- своевременно обнаруживать БПЛА, определять направления их полета;
- осуществлять их опознавание и распознавание;
- докладывать командиру и на соседние ПВН (при наличии) об обнаруженных целях;
- доводить сигнал «Воздушная тревога» до подразделения;
- выдавать целеуказание;
- контролировать уничтожение цели или ее выход из зоны огня.

Порядок действий при ведении разведки воздушного пространства лично-

***(Продолжение в стр.7)***

## Сактыкта кордук жок



Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин Түштүк-Батыш оперативдик командачылыгынын аскер бөлүктөрүндө мобилизациялык коопсуздукту сактоо боюнча сабактар өткөрүлдү. Анын жүрүшүндө курал-жарак, ок-дары, жарылуучу заттар менен иш алып баруудагы коопсуздук чаралары жеткирилди.



Белгилей кетсек, мындан бир ай мурда КР Куралдуу Күчтөрүнүн мекемелеринде жана бирикмелеринде кырсыктардын тобокелин азайтуу күнүнө карата даярдык текшерилип, Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жергиликтүү түзүмдөрү менен өз ара кызматташуу, тажрыйба алмашуу уюштурулган болчу. Бул даярдык жаратылыш кырсыктарынын кесепеттерин жоюу боюнча билимдерин жогорулатуу жана практикалык көндүмдөрдү өркүндөтүү максатын көздөп, ишке ашты.

Жыл сайын мындай иш-чара жаңы окуу жылынын башталаарында өткөрүлүп, күжүрмөн даярдык боюнча сабактарды жана согушка даярдык окууларынын алдында старт алат.

**Женишбек Маннап уулу**

## 93546 аскер бөлүгүнө - 47 жыл!

2023-жылдын 9-ноябрында Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин 93546 аскер бөлүгү түзүлгөн күнүнүн 47 жылдыгын белгиледи.



Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Алтынбек Эргешов, чакырылган коноктор жана аскер бөлүгүнүн өздүк курамы катышты.

Иш-чаранын алкагында аскер бөлүгүнүн ок атуу полигонунда күч түзүмдөрүнүн арасында ок атуу мелдеши уюштурулду. Белгилей кетсек, бул аскердик бөлүктүн командири өз демилгеси менен ок атуу полигонунда жылып жүрүүчү буталарды автоматташтырып, заман талабына ылайык оңдоп-түздөп, ремонттон чыгарган.



Ошондуктан Теңир Тоо аймагында жайгашкан күч түзүмдөрү ок атуу боюнча мелдештерин, таймаштарын жана күжүрмөн даярдык боюнча сабактарын, машыгууларын дал ушул полигондо маашыркана өткөрүп келе жатышканын айтуу абзел.

Соңунда ок атуу мелдешинин жыйынтыгы чыгарылып, жеңүүчүлөр баалуу белектер жана грамоталар сыйланышты.

# В СОВРЕМЕННЫХ ВООРУЖЕННЫХ КОНФЛИКТАХ

*(Начало в стр.6)*

му составу ПВН определяет командир взвода. Он указывает:

- ориентиры (при их наличии);
- сектор наблюдения;
- на что обращать особое внимание;
- порядок действий при обнаружении воздушной цели (напомнить алгоритм);
- порядок обозначения цели силам и огневым средствам, назначенным для борьбы с БПЛА.

Пост должен быть оборудован в инженерном отношении, замаскирован и оснащён:

- компасом и указателями азимутальных направлений;
- биноклем;
- справочной таблицей с изображениями (силуэтами) основных типов самолетов, вертолетов и БПЛА;
- схемой ориентиров;
- средствами связи;
- средствами для подачи установленных сигналов.

Дополнительно, в целях эффективного выполнения задач при функционировании в составе подсистемы разведки БПЛА каждый ПВН на настоящее время, по возможности, рекомендуется оснастить:

- оптико-электронными или оптическими приборами наблюдения. Из оптических приборов в наибольшей степени пригодна труба зенитная командирская (ТЗК), смонтированная на треноге и имеющая азимутальную и угломестную шкалу;
- лазерным дальномером;
- планшетом для приема целеуказаний, на котором может отображаться положение пронумерованных источников информации (РЛС, СРТР, соседних ПВН и др.), а также передаваться данные по обнаруженным БПЛА в единой системе координат;
- средства целеуказания – лазерные средства визуального обозначения объекта в видимом диапазоне длин волн, сигнальные ракеты, комплект патронов с трассирующими пулями к стрелковому оружию ***(Рис.2)***.




***Рис. 2. Магазин к автомату, снаряженный патронами с трассирующими пулями.***



***Рис. 3. Осветительный прожектор, развёрнутый на ПВН***

Для создания всесуточного визуального поля посты воздушного наблюдения необходимо оснастить приборами ночного видения и осветительными прожекторами.





***Рис. 4. Порядок обзора воздушного пространства в назначенном секторе***

Визуальное обнаружение воздушных целей осуществляется путём последовательного просмотра воздушного пространства в назначенном секторе. Если в результате визуального обзора цель не обнаружена, то просмотр воздушного пространства повторяется в обратном порядке.

Типовыми докладами с поста командиру могут быть: «На 12.30 – чисто»; «Беспилотник. Над 3-м (номер ориентира или азимут в делениях угломера). На нас»; «БПЛА, на 10 часов (направление), мимо нас, на противника».

Мотострелковый взвод, подготовленный для ведения огня по НЛЦ (БПЛА) занимает боевой порядок в районе ответственности (обороны) батальона. Вариант боевого порядка мотострелкового батальона показан на рис. 5.

Боевой порядок мотострелкового взвода, назначенного для борьбы с БПЛА, строится в боевую линию и имеет следующие параметры:

- интервал между боевыми машинами пехоты (БМП) – 500–700 м;
- рубеж развёртывания по фронту – до 1500 м;
- полоса наблюдения и огня по фронту – до 2000 м на дальней границе.

При занятии боевого порядка указывается: дополнительный сектор наблюдения и ведения огня; основное направление ведения разведки воздушного противника и огневого поражения; основные и запасные огневые позиции боевых машин пехоты; основные и дополнительные сектора наблюдения и ведения огня; боевые задачи.

Для создания зон сплошного огневого поражения из штатного стрелкового оружия мини- и микро БПЛА необходимо использовать огонь дежурных огневых средств и мотострелкового взвода, назначенного для борьбы с БПЛА. При этом наиболее целесообразным является сосредоточенный огонь на дальности до 250 м.

Одним из способов целеуказания о направлении пролета и нахождении обнаруженного БПЛА будет целеуказание трассирующими пулями (стрельба трассирующими пулями в направлении пролета или нахождения обнаруженного БПЛА), при этом целесообразно прицелы автоматов (пулеметов) устанавливать на 4 или «П».

По мини- и микроБПЛА, летящему в сторону подразделений, стрельба ведется непрерывным огнем по направлению движения мини- и микроБПЛА. При этом огонь открывается из стрелкового оружия с момента его обнаружения, но не далее 400 м.

По мини- и микроБПЛА, летящему в стороне или над подразделением, огонь ведется заградительным или сопроводительным способом.

Для огневого поражения мини - и микро БПЛА противника огнем 30-мм АП БМП-2 (БМП-3) и 12,7-мм ЗП установленных на танках, целесообразно применять сосредоточенный огонь на дальности действительного огня.

Огонь заградительным способом ведется по низколетящим мини- и микроБПЛА, имеющим скорость полета более 50 м/сек. При ведении заградительного огня мотострелковым отделением или взводом огонь подразделения сосредотачивается на направлении движения приближающегося мини- и микроБПЛА, при этом стрельба ведется непрерывно до выхода его из зоны огня.

По медленно летящим мини- и микроБПЛА огонь ведется сопроводительным способом. Упреждение определяется и отсчитывается в видимых размерах целей (фигурах цели). Стрельба ведется выносом линии прицеливания перед БПЛА на величину нужного упреждения длинными очередями.

Огонь из стрелкового оружия по БПЛА должен вестись длинными очередями с расходом до магазина патронов на автомат (пулемет).

Проведенный анализ опыта борьбы с мини- и микроБПЛА в ходе ведения боевых действий в Сирийской Арабской Республике показывает, что для повышения эффективности огневого поражения мини - и микроБПЛА противника необходимо дополнительно использовать огонь 12,7-мм ЗП, установленных на танках и 30-мм АП БМП-2 (БМП-3) и стрелкового оружия дежурных огневых средств общевойсковых подразделений.

Для повышения эффективности противодействия противнику в применении БПЛА необходимо также предусмотреть дополнительное выделение огневых средств (подразделений) для огневого поражения мини- и микроБПЛА противника в зоне ответственности (полосе обороны) соединения (части) на направлениях, где по условиям сложившейся обстановки не предусматривается применение сводных групп для борьбы с БПЛА.

В бою в мотострелковом (танковом) батальоне для ведения огня по мини- и микроБПЛА противника необходимо дополнительно привлекать огневые средства (подразделения) из состава второго эшелона (общевойскового резерва) и противодесантного резерва батальона и огневых засад.

Для повышения вероятности поражения огнем микроБПЛА противника целесообразно применять станины под стрелковое оружие.

Таким образом, методы и средства борьбы с БПЛА в ближайшей и долгосрочной перспективах останутся важным объектом для разработок и будут востребованы вооруженными силами различных государств.

**Начальник кафедры Дополнительного профессионального образования Военного института Вооруженных Сил КР, кандидат военных наук, полковник Усен Алайчиев**

*(Стиль и орфография автора сохранены)*

# Присяга новобранцев в Вооруженных Силах

В войсковой частях Национальной гвардии, Сил воздушной обороны, ЮЗОК Вооруженных Сил КР прошли торжественные мероприятия, приведения к Военной присяге молодого пополнения. В этот особый день каждый военнослужащий дает клятву на верность своей Родине.

Молодые воины в течении месяца проходили курс общевойсковой подготовки, получили необходимые для прохождения военной службы знания и навыки в строевой, физической и огневой подготовках, изучили общевоинские уставы и основы безопасности военной службы.

В войсковых частях 30670, 92840 приглашенные гости поздравили личный состав с принятием Военной присяги, пожелали крепкого здоровья, отличной службы и успехов в деле служения на благо Родины.

Торжественные мероприятия продолжились показательным выступлением молодых воинов по строевой подготовке и рукопашному бою, которые были подготовлены за короткий период.





В завершение торжественных мероприятий, во многих войсковых частях состоялись праздничные концерты с участием звезд кыргызской эстрады.








# Кесиптик майрам утурлаган кыска баарлашуу

***Өлкөбүздө ар тармактагы кесип ээлерин сүйүндүргөн жана чыгармачылыгына баа берген кесиптик майрам күндөрү бар. 2-ноябрь Кыргыз Республикасында маданият кызматкерлеринин күнү белгиленип келет.***

***Бул белгилүү күн 1926-жылы 2-ноябрда драматург Молдогазы Токтобаевдин "Кайгылуу Какей" пьесасынын коюлушуна байланыштуу белгиленип калган.***

***Маданият - бул коомдун, жашоонун күзгүсү десек жаңылышпайбыз.***

***Аскер кызматкерлеринин руханий көөнөрбөс байлыктарын артырууда, аларды байытууда өз салымдарын кошуп келе жаткан Ош гарнизондук офицерлер үйүнүн чыгармачыл жамааты бул майрамды эң мыкты маанайда майрамдап келишет. Бул майрам күнүн урматына аскер погонун тагынган чыгармачылдар жамаатын башкарып келген офицерлер үйүнүн жетекчиси улук лейтенант Руслан Жеңишов менен баарлаштык.***





**- Руслан, Сизди маданият кызматкерлеринин үй-бүлөсүнөн чыккан талантуу мырза катары билебиз. Ушундай талантуу, элпек жигитти тарбиялап, аскерлерибизге руханий азык тартуулаганга ынтызар инсан кылып чоңойткон ата-энеңизге алкыштар болсун.**

**Майрамдык маанай кандай? Ош гарнизондук офицерлер үйүндө кандай иш-чаралар уюштурулуп жатат?**

- Учурда Ош гарнизондук офицерлер үйүнүн жамааты түштүк аймагында кандай гана иш-чара болбосун аскер кызматчыларына, жергиликтүү элге өзүбүздүн чыгармаларыбыз менен маданий иш-чараларда, машыгууларда аскерлерибизге маданий баалулукту өркүндөтүү максатында өз кызматыбызды аткарып келе жатабыз.

Ал эми майрам күнүбүзгө, чынын айтайын, өзгөчө деле майрамдык салтанаттар уюштурулган жок, болгону ОшГОҮнүн жамааты Ош шаарында жакшы бир ресторанда өзүбүздү өзүбүз куттуктап, көңүлдүү кече уюштурабыз. Ошол жерде мыкты чыгармаларды жараткан кызматкерлерге мактоолорду айтып дегендей ... Жылда эле биздин майрам ушундай өтөт.

**- Маданият кызматкерлери үчүн, тактап айтканда Сиздер үчүн кандай камсыздоолор каралып жатат?**

- Кудай жалгап жаңы аппаратура алдык, ошого сүйүнүп эки, үч жолу концерт коюп жибердик. Айта берсең маселе көп да. ОшГОҮ жакшылап оңдоп-түзөөдөн (ремонттон) өткөрүп, чоң залга жылуулук киргизип, сахна көшөгөлөрүн жаңылап, жаңы жарык берүүчү (прожекторлорду) алсак жакшы болмок. Андан сырткары ырчы, солист, бийчилердин штаттарын көбөйтүү керек.

**- Кандай музыкалык аспаптарда ойнойсуз же ырдайсызбы?**

- Мен өзүм Ош шаарындагы Ниязалы Борошов атындагы музыкалык окуу жайынын үйлөмө аспаптар боюнча окугам. Андан соң ОшМУнин юридикалык факультетин аяктагам. Саксафон, флейта ж.б аспаптарда ойнойм, андан сырткары ырдайм дагы (күлүп).

**- Келечекте Кыргыз маданияты кандай болушу керек?**

- Биз Людвиг ван Бетховен дегенде Германияны элестетебиз да, ошол сыяктуу эле кыргыз маданиятында да бир бурулуш болуш керек. Кандайдыр бир чыгарма мененби, мисалы Манас деген композиция деп коёлу, өтө таанымал дүйнө жүзүнө кенен тараган, аны уккан адам баласы шарт эле кыргызды элестетет. Канткен менен кыргыздарды дүйнөгө тааныта турган бул биздин маданиятыбыз да, анын ичине баары кирет: каада салтыбыз, үрп-адаттарыбыз ж.б. у.с.

**- Азыркы учурда аскерлерибиздин руханий байлыктарын кантип көбөйтүп жатасыздар?**

- Бизге коюлган талаптардын, шарттардын негизинде жыл ичинде 3 же 4 жолу Түштүк аймагындагы аскердик бөлүктөрдү кыдырып концерт коюп келебиз, ошол концерттик программада атуулдук чыгармаларды көбүрөөк койгонго аракет кылып жатабыз. Тилекке каршы, азыркы учурда атуулдук баалуулукту ойгото турган чыгармалар да аз санда, болсо дагы мааниси терең ырлар чанда. Биздин аскер кызматкерлеринин, жоокерлердин арасында да чыгармачыл талантуулар көп, кээ бири атайын чыккысы келбейт, кээ биринин чыгармачылык менен алектенгенге убактысы жок.



Азыр элибиз, аскерлерибиз маданий жана руханий байлыкка суусап турган кези десем болот. Анткени, бүтүндөй соцтармактардан жалаң гана жакшы жаңылык укпай калышты, адамдардын аң сезимин, жүрөгүн руханий баалуулуктар менен гана өзгөртө алабыз, аларды патриоттуулука, адамгерчилике, жөнөкөйлүккө жана башкага тарбиялайт.

Илгери ата-бабаларыбыз бала кезин жомок менен эле өткөрүшчү да, чоң эне, апаларыбыздын жомоктору менен ошол жомоктогу каармандардын жакшы, жаманын айырмалап, убакыт өткөн сайын заман өзгөрүп жатпайбы, цифровизация, технология өнүгүп өсүп жатат азыркы бөбөктөрүбүз мультиктеги каармандар менен жашап калышты. Ал эми маданият калып кетип жатат.



**- Чыгармачыл жамаатыңыздардагы мыкты чыгармачыл инсандарды атап кетсеңиз?**

- Бизде азыркы учурда көптөгөн концерттерди кызытып аскерлердин көөдөнүнөн орун алган ырчыларыбыз эстрада жылдызы, Маданияттын мыкты кызматкери төш белгисинин ээси Темир Назаров, ырчы Мээрбек Жакыпбек уулу, Акмарал Жоробаева деген ырчыларыбыз ар дайым жагымдуу чыгармалары менен аскерлердин маанайын көтөрүшөт. Коргоо министрлигинин Түштүк-Батыш оперативдик командачылыгынын карамагындагы аскердик бөлүктөрдө, мекемелерде буларды терең урматтоо менен тосуп алып жатышканы - буга мисал. Ашыкча мактанбайы, эл арасныдабыз, эл арасындагы армиянын талантуу кызматчыларыбыз деп, мактанганга толук акым бар деп айта алам.

***- маегиңизге рахмат.***

***Гезиттин ушул бетин даярдаган***
**капитан Элиза Арапбаева**

# "Алыш бел боо" күрөшүнүн дүйнөлүк чемпиону - биздин жоокер!




Бириккен дүйнө күрөшүнүн планынын алкагында 2023-жылдын 21-октябрынан 30-октябрына чейин Эр-Рияд шаарында (Сауд Аравиясы) «Спорт Аккорд» аталыштагы дүйнөлүк спорттук оюндары өткөрүлдү. Бул спорт-аккордуна 80 өлкөдөн 2000ден ашуун спортчулар катышкан. Дүйнөлүк спорттук оюндардын программасына ылайык 2023-жылдын 24-октябрдан 27-октябрд 90 кг, 80 жана 70 кг салмактагы эркек спортчулардын арасында спорттун «Алыш бел боо» күрөшү боюнча таймаш өткөрүлгөн.

Жыйынтыгында 70 кг салмактагы таймаш боюнча 36806 аскер бөлүгүнүн улук саперу катардагы жоокер Абдурасулов Марлен Кубанычбекович биринчи орунду багындырып Кыргыз өлкөсүнүн Гимни жаңырып, желегин желбиретти.

